**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу**
**Сот адилеттигинин жогорку мектебинин 2022 – жыл үчүн**
**О Т Ч Е Т У**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектеби жөнүндө Жобого жана 2022-жылга карата Окуу планына ылайык отчеттук мезгилде төмөнкү багыттар боюнча иштер аткарылды:

- Кыргыз Республикасынын судьяларынын жана сот системасынын кызматкерлерин окутууну жана квалификациясын жогорулатууну уюштуруу жана өткөрүү;
- Окуу процессин методикалык жана маалыматтык жактан камсыз кылуу;
- Окуу программаларын, окуу куралдарын жана методикалык материалдарды иштеп чыгуу;
- Билим берүү процессине билим берүү жана жаңы маалыматтык технологияларды киргизүү, Сот адилеттигинин жогорку мектебинин материалдык-техникалык базасын өркүндөтүү;
- Сот адилеттигинин жогорку мектебинин иш-аракеттеринин майнаптуулугун талдоо (изилдөө).

**Окутууну өткөрүү:**

1. Учурда иштеп жаткан судьялардын квалификациясын жогорулатуу:
   - мамлекеттик программаларды ишке ашыруунун алкагында тематикалык семинарлар,
   - актуалдуу маселелер боюнча тематикалык семинарлар;
2. Биринчи жолу дайындалган судьяларды комплекстүү окутуу программасы;
3. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин Сот аткаруучулар кызмат бөлүмүнүн соттук аткаруучуларын комплекстүү окутуу программасы;
4. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин Сот приставдары кызмат бөлүмүнүн соттук приставдарын комплекстүү окутуу программасы;
5. Кыргыз Республикасынын судьяларынын жардамчыларын комплекстүү окутуу программасы;
6. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун аппарат жетекчилерин комплекстүү окутуу программасы.

- **окутуу иш-чараларын уюштуруу:**

1. Биргелешкен иш-чараларды уюштурууда кызматташтык боюнча өнөктөштөр менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү;

2. Өнөктөштөр менен иштөө, лекторлорду/эксперттерди тартуу, окутуу программаларын түзүү;
3. Окуу модулдарын иштеп чыгууга, экспертиза жүргүзүүгө жана мамлекеттик тилге которууга көмөк көрсөтүү;
4. Семинарлардын мазмундук бөлүгүн даярдоого көмөк көрсөтүү (лекциялык жана практикалык материалдар);
5. Уюштуруу маселелерин чечүү (катышуучуларга чакырууларды даярдоо, чалуу, онлайн тренингдерге жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу, өткөрүү ордун аныктоо, логистика ж. б.);
6. Окутуу иш-чараларынын сапатын жана майнаптуулугун контролдоо боюнча кайтарым байланышты камсыз кылуу (сурамжылоо барактары, анкеталоо, окутуу жөнүндө отчетторду даярдоо ж.б.).

## Квалификацияны жогорулатуу бөлүмү

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектеби мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын эсебинен, ошондой эле өнөктөштөрдүн (донорлордун) колдоосу менен **131** иш-чара жана окуу планынан тышкары **19** иш-чара өткөрдү. Жалпысынан **150** иш-чара өткөрүлдү:

1. Биринчи жолу дайындалган судьяларды комплекстүү окутуу программасы – **1** группа;
2. Соттордун аппаратынын бөлүм башчыларын комплекстүү окутуу программасы – **1** группа;
3. КРнын судьяларынын жардамчыларын комплекстүү окутуу программасы – **1** группа;
4. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департементинин Сот приставдары кызмат бөлүмүнүн соттук приставдарын комплекстүү окутуу программасы – **1** группа;
5. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департементинин Сот аткаруучулар кызмат бөлүмүнүн соттук аткаруучуларын комплекстүү окутуу программасы – **1** группа;
6. Кыргыз Республикасынын судьялары үчүн актуалдуу маселелер боюнча окутуучу тематикалык семинарлар жана тренингдер – **76** группа;
7. Сот тутумунун кызматкерлери үчүн актуалдуу маселелер боюнча окутуучу тематикалык семинарлар – **20** группа;
8. Мамлекеттик программаны ишке ашыруунун алкагында окутуучу семинарлар – **10** группа;
9. САЖМдын санариптик окутуу платформасы менен иштөө боюнча окутуу – **31** группа;
10. Тренерлер үчүн тренинг (ТоТ) – **3** группа;

11. КРнын Жогорку сотунун судьялары үчүн актуалдуу темалар боюнча окуу планынан тышкары семинарлар – **2** группа;
12. Судьялар жана сот аппаратынын кызматкерлери үчүн актуалдуу темалар боюнча окуу планынан тышкары семинарлар – **17** группа;
13. Тегерек столдор – **3**.

Жогорудагы көрсөтүлгөн иш-чараларга **2723** угуучу катышты, алардын ичинен:

- КРнын Жогорку сотунун судьялары – 55;
- жергиликтүү соттун с удьялары – 1973;
- жергиликтүү сотко биринчи жолу дайындалган судьялар – 22;
- жергиликтүү соттун аппарат кызматкерлери – 533;
- Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кызматкерлери жана окутуучулары – 64;
- КРнын ЖСнун жана КРнын КСнун аппарат кызматкерлери – 17;
- КРнын ЖСна караштуу Сот департаментинин кызматкерлери – 9;
- КРнын ЖСна караштуу Сот департаментинин сот аткаруучулар кызмат бөлүмүнүн соттук аткаруучулары – 25;
- КРнын ЖСна караштуу Сот департаментинин сот приставдар кызмат бөлүмүнүн соттук приставдары – 25

## Комплекстүү окутуу программасы боюнча квалификацияны жогорулатуу курстары:

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектеби отчеттук мезгилде биринчи жолу дайындалган судьялар, соттук аткаруучулар, сот приставдары, жергиликтүү соттордун аппаратынын бөлүм башчылары жана судьялардын жардамчылары үчүн квалификацияны жогорулатуу курстарын өткөрдү. Комплекстүү окутуу программалары 2019-жылдын 26-апрелинде КРнын Жогорку сотунун макулдугу менен КРнын Судьялар кеңеши тарабынан бекитилген. Квалификацияны жогорулатуу курстары Европа Биримдигинин "Кыргыз Республикасындагы укук үстөмдүүлүгү - 2-фаза" Программасынын, GIZдин "Борбордук Азия өлкөлөрүннүн укуктук мамлекеттүүлүгүнө көмөктөшүү" Программасынын жана USAIDдин "Укук булагы" Программасынын колдоосу менен өткөрүлдү.

- I инстанцияга биринчи жолу дайындалган судьяларга Комплекстүү окутуу программасы (КОП) боюнча квалификациясын жогорулатуу курсу бир группа үчүн өткөрүлдү.

Окутуу программасына материалдык жана процесстик укукту тереңдетип үйрөнүү блогу, соттук көндүмдөр блогу жана этикалык-деонтологиялык блок киргизилген.

I инстанциядагы судьяларды окутуунун узактыгы **29** окуу күнүн түзүп, жалпысынан **232** академиялык саатты түзгөн. Мында биринчи жолу дайындалган **22** судья окутулду.

Комплекстүү окутуу программасы боюнча квалификацияны жогорулатуу курстарын аяктоо боюнча окуу материалын өздөштүрүү деңгээлин аныктоо максатында угуучуларга компьютердик тестирлөө жүргүзүлдү, ал жарандык, административдик-экономикалык жана кылмыш-жаза сот өндүрүшү боюнча модулдардын темаларынан туруп, жооптордун варианттары менен 100 суроону камтыды.

Угуучунун ар бир туура жообу бир упай менен бааланды.

Өткөрүлгөн тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча угуучуларга алган баллдарынын саны көрсөтүлгөн сертификаттар тапшырылды.

- Сот аткаруучулар кызмат бөлүмүнүн соттук аткаруучулары үчүн Комплекстүү окутуу программасы боюнча квалификациясын жогорулатуу курсу бир группа үчүн өткөрүлдү.

Окутуудан САКБнүн **25** соттук аткаруучусу өттү. Окутуунун узактыгы 5окуу күнүн түзүп, жалпысынан **40** академиялык саатты түзгөн.

Квалификацияны жогорулатуу курсун аяктоо боюнча окуу материалын өздөштүрүү деңгээлин аныктоо максатында угуучуларга модулдук тестирлөө өткөрүлдү, ал жооптордун варианттары бар 60 суроону камтыган модулдун темаларынан турат. Угуучунун ар бир туура жообу бир упай менен бааланды.

Өткөрүлгөн тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча угуучуларга алган баллдарынын саны көрсөтүлгөн сертификаттар тапшырылды.

- Сот приставдары кызмат бөлүмүнүн сот приставдары үчүн Комплекстүү окутуу программасы боюнча квалификациясын жогорулатуу курсу бир группа үчүн өткөрүлдү.

Окутуудан СПКБнүн **25** сот приставы өттү. Окутуунун узактыгы 5окуу күнүн түзүп, жалпысынан **40** академиялык саатты түзгөн.

Квалификацияны жогорулатуу курсун аяктоо боюнча окуу материалын өздөштүрүү деңгээлин аныктоо максатында угуучуларга модулдук тестирлөө өткөрүлдү, ал жооптордун варианттары бар 60 суроону камтыган модулдун темаларынан турат. Угуучунун ар бир туура жообу бир упай менен бааланды.

Өткөрүлгөн тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча угуучуларга алган баллдарынын саны көрсөтүлгөн сертификаттар тапшырылды.

- Жергиликтүү соттордун аппарат жетекчилери үчүн Комплекстүү окутуу программасы боюнча квалификациясын жогорулатуу курсу бир группа үчүн өткөрүлдү.

Мында жергиликтүү соттордун **24** аппарат жетекчиси, КРнын Судьялар кеңешинин **2** кызматкери окутуудан өтүштү. Окутуунун

узактыгы **5** окуу күнүн, жалпысынан **40** академиялык саатты түздү.

Квалификацияны жогорулатуу курсун аяктоо боюнча окуу материалын өздөштүрүү деңгээлин аныктоо максатында угуучуларга модулдук тестирлөө өткөрүлдү, ал жооптордун варианттары бар 60 суроону камтыган модулдун темаларынан турат. Угуучунун ар бир туура жообу бир упай менен бааланды.

Өткөрүлгөн тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча угуучуларга алган баллдарынын саны көрсөтүлгөн сертификаттар тапшырылды.

- Судьялардын жардамчылары үчүн Комплекстүү окутуу программасы боюнча квалификациясын жогорулатуу курсу бир группа үчүн өткөрүлдү.

Окутуудан **28** судьянын жардамчысы өттү. Окутуунун узактыгы **5**окуу күнүн, жалпысынан **40** академиялык саатты түздү.

Квалификацияны жогорулатуу курсун аяктоо боюнча окуу материалын өздөштүрүү деңгээлин аныктоо максатында угуучуларга модулдук тестирлөө өткөрүлдү, ал жооптордун варианттары бар 60 суроону камтыган модулдун темаларынан турду. Угуучунун ар бир туура жообу бир упай менен бааланды.

Өткөрүлгөн тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча угуучуларга алган баллдарынын саны көрсөтүлгөн сертификаттар тапшырылды.

**Мамлекеттик программаны ишке ашыруунун алкагында:**

- “2021-2024-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү жана анын себептерин жоюу боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 25-сентябрындагы № 180 Жарлыгынын 3-пунктун ишке ашыруу максатында Сот адилеттигинин жогорку мектеби Европа Биримдигинин "Кыргыз Республикасында укук үстөмдүүлүгү-2-фаза" Программасы менен бирдикте "Кыргыз Республикасынын Коррупцияга каршы мыйзамдары: сот тутумундагы коррупцияга каршы аракеттенүү жана алдын алуу чаралары" темасында семинар өткөрдү. Мында жергиликтүү соттордун **22** судьясы окутулду.
- “2019-2022 – жылдарга Кыргыз Республикасынын сот системасын өнүктүрүү” Мамлекеттик максаттуу программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планынын 3-пунктун аткаруу максатында Европа Биримдигинин "Кыргыз Республикасында укук үстөмдүүлүгү-2-фаза" Программасынын колдоосу астында судьялар, прокурорлор жана адвокаттар менен “Жарандык процессте тараптардын атаандаштык принциби”, “Жазык процессинде тараптардын атаандаштык принциби. Кылмыш-жаза иштери боюнча процессти жүргүзүүнүн практикалык көндүмдөрү", “Сот процессинин катышуучуларын коррупцияга каршы психологиялык даярдоо" жана "Сот адилеттигин жүргүзүү процессинде судьялардын, прокурорлордун

жана адвокаттардын соттук этикети" деген темаларда биргелешкен тренингдер өткөрүлдү. Мында жергиликтүү соттордун **34** судьясы окутулду.

- 2022-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү Мамлекеттик саясатынын Концепциясын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планын аткаруу максатында «Поиск Общих интересов» Коммерциялык эмес корпорациясынын Өкүлчүлүгү менен биргеликте "Дин тутуу эркиндигин камсыз кылуу жана сот адилеттигин жүргүзүү чөйрөсүндөгү эл аралык стандарттар" деген темада тренинг өткөрүлдү. Аталган тренигге **6** угуучу катышты.

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 28-ноябрындагы жарлыгы менен бекитилген 2022-2024-жылдарга адам укуктары боюнча иш-чаралар планын ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасында социалдык адилеттүүлүктү жана теңчиликти өнүктүрүү программасынын алкагында "Адам укуктарын коргоонун эл аралык стандарттары жана механизмдери" деген темада семинар өткөрүлдү. Мында жергиликтүү соттордун **14** судьясы окутулду. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн "Кыйноодон жана башка ырайымсыз, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиледен жана жазалоодон эркин болуу укугу: Кыйноолорду болтурбоо жана ага каршы күрөшүүдө судьялардын ролу. Кыйноолорду колдонуу менен байланышкан иштерди сот тартибинде кароонун өзгөчөлүктөрү" деген темаларда семинар өткөрүлдү. Жергиликтүү соттордун **16** судьясы окутулду.

## Актуалдуу маселелер боюнча тематикалык семинарлар:

**GIZдин "Борбордук Азия өлкөлөрүнүн укуктук мамлекеттүүлүгүнө көмөктөшүү" Программасы** менен биргелике Сот адилеттигинин жогорку мектеби тарабынан жергиликтүү соттордун **481** судьясы үчүн төмөнкү темалар боюнча **26** семинар өткөрүлдү: "Жарандык ишти соттук териштирүүгө даярдоо. Алдын ала сот отурумун өткөрүүнүн тартиби", "Ар-намысты жана кадыр-баркты, ишкердик беделди коргоо жана моралдык зыянды өндүрүү", "Мурастык талаш-тартыштарды кароонун өзгөчөлүктөрү", "Соттор тарабынан менчик укугу жөнүндө талаш-тартыштарды кароо (сатып алуунун эскириши, бүтүмдөрдү анык деп таануу). Ак ниет сатып алуучунун укугун коргоо", "Эмгек тартыштарын кароонун өзгөчөлүктөрү", "Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын колдонуу", "Процесстик мөөнөттөр, доонун эскирүү мөөнөттөрү, аларды жарандык иштерди кароодо колдонуу", "КРнын ГПК боюнча

жаңыдан ачылган жагдайлар жана жаңы жагдайлар боюнча сот актыларын кайра кароо", “Өзгөчө өндүрүш (өзгөчө өндүрүштүн түшүнүгү жана маңызы. Иштердин айрым категорияларын кароонун өзгөчөлүктөрү)", "Соттор тарабынан үй-бүлөлүк тартыштарды кароо (аталыкты талашуу, баланы алып коюу, ата-энелик укуктардан ажыратуу, ата-энелик укуктарды чектөө, алименттердин өлчөмүн азайтуу, баланын жашаган жерин аныктоо, бала менен баарлашуу тартибин аныктоо. Жашы жете электердин психологиялык-психиатриялык экспертизасы)", "Баланы асырап алуу, камкорчулук жана көзөмөлчүлүк, балдарды интернат мекемелерине жиберүү жөнүндө иштерди кароонун тартиби", "Администрациялык иштерди кароонун тартиби", "Кыргыз Республикасынын АПКсы боюнча жаңыдан ачылган жана жаңы жагдайлар боюнча сот актыларын кайра кароо", “Апелляциялык инстанцияда административдик иштер боюнча өндүрүш”, "Жер участокторун берүүгө жана алып коюуга байланыштуу мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдерин, аракеттерин (аракетсиздигин) талашуу боюнча администрациялык иштерди кароо”, “Жарандык иштерден келип чыгуучу соттук материалдарды кароо маселелери”, "Чет өлкөлүк соттордун, эл аралык соттордун, бейтарап арбитраждардын жана бейтарап соттордун чечимдерин таануу жана аткаруу жөнүндө иштер боюнча өндүрүш", "Жубайлардын мүлкүн бөлүштүрүү жөнүндө талаш-тартыштарды кароонун өзгөчөлүктөрү", " Күрөө жөнүндө", "Жарандык сот өндүрүшүндөгү медиация", "Жарандык иштер боюнча сот отурумун жүргүзүүнүн практикалык көндүмдөрүн калыптандыруу", "Жер талаштарын кароонун өзгөчөлүктөрү", “Интеллектуалдык менчиктин өзгөчө укуктары жөнүндө жалпы жоболор: патенттик укук, автордук жана чектеш укуктар", "Жарандык иштер боюнча апелляциялык соттогу өндүрүш", “Административдик ишти соттук териштирүүгө даярдоо. Алдын ала сот отурумун өткөрүүнүн тартиби", "Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдарынын аракеттерине (аракетсиздигине) даттануу жөнүндө иштерди кароо", "Администрациялык иштер боюнча чечимди түзүүнүн методикасы", “Бүтүмдөрдүн жараксыздыгы жөнүндө талаш-тартыштарды кароонун өзгөчөлүктөрү. Бүтүмдөрдүн жараксыздыгынын кесепеттерин колдонуу", "Келишимдик укуктук мамилелерден келип чыккан талаш-тартыштарды сотто кароо", "Зыяндын ордун толтуруу жөнүндө талаштарды кароонун өзгөчөлүктөрү", "Жарандык процесстеги далилдер жана далилдөөлөр", "Юридикалык терминология, жарандык иштер боюнча кыргыз тилиндеги документтер", “Жарандык жана экономикалык иштер боюнча соттук чечимдерди түзүү", "Салык жана бажы

талаштарынан келип чыгуучу иштерди кароонун өзгөчөлүктөрү", "Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдарынын аракеттерине (аракетсиздигине) даттануу жөнүндө иштерди кароо", “Административдик талаш-тартыштар боюнча сотко кайрылуунун мөөнөттөрү", "Айрым категориядагы иштер боюнча өндүрүштүн өзгөчөлүктөрү: жарандык абалдын актыларынын жазууларынын туура эместигин аныктоо жөнүндө; нотариалдык аракеттерди жасоого же аларды жасоодон баш тартуу; Судьяларды тандоо кеңешинин алдындагы Тартип комиссиясынын судьяны ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө чечимдерине даттануу боюнча", “Кайрылууларды Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун өндүрүшүнө кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө соттук коллегиялардын аныктамаларына даттанууларды кароонун өзгөчөлүктөрү. Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна судьянын (судьялардын, коллегиянын) суроо-талабын даярдоо".

Сот адилеттигинин жогорку мектеби **Европа Биримдигинин "Кыргыз Республикасындагы укук үстөмдүүлүгү - 2-фаза" Программасынын** жардамы менен КРнын жергиликтүү сотторунун **135** судьясы үчүн төмөндөгү темаларда **46** окутуу иш-чаралары өткөрүлдү: “Банкроттук (кудуретсиздик) жөнүндө иштерди кароонун өзгөчөлүктөрү", "Жарандык иштер боюнча соттук экспертизаларды дайындоо тартиби. Соттук экспертизанын түрлөрү. Көз карандысыз соттук эксперттик уюмдарды тартуу", “Соттук психология. Коммуникативдик көндүмдөр. Судьялардын стресске туруктуулугу”, "Жарандык иштер боюнча соттун чечимдеринде эсептешүүлөрдү түзүүнүн жана текшерүүнүн тартиби", "Соттук чыгымдар, мамлекеттик алымды эсептөөнүн, өндүрүп алуунун жана кайтарып берүүнүн тартиби", "Соттук аудит боюнча колдонмо", "Коррупциянын алдын алуунун эң маанилүү механизми катары судьянын этикалык эрежелерин жана кызыкчылыктардын кагылышы боюнча эрежелерди сактоосу, Судьянын Ар-намыс кодекси";

Ошондой эле сот системасынын **169** кызматкери үчүн төмөндөгү темалар боюнча семинарлар өттү: “Сот системасынын мамлекеттик кызматчыларынын этика эрежелерин сактоосу", "Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунда жана жергиликтүү соттордо иш кагаздарын жүргүзүү боюнча Нускаманы, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жана жергиликтүү соттордун сот актыларын жана жыйналыштарын жарыялоо тартиби жөнүндө Нускаманы колдонуу. Архивдик иштерди жана материалдарды жок кылуунун тартиби жана мөөнөттөрү", "Коррупциялык тобокелдик зонасында сот тутумунун кызматкерлеринин жүрүм-турумунун натыйжалуу үлгүлөрү” жана “Чечендик өнөр. Инсандык өнүгүү. 2- деңгээл".

КРнын Жогорку сотунун судьяларынын, Жогорку соттун Аппарат жетекчисинин, Сот адилеттигинин жогорку мектебинин окутуучуларынын

жана эл аралык эксперттин катышуусу менен КРнын Жогорку сотунун алдындагы Сот адилеттигинин жогорку мектебинин окуу куралдарын иштеп чыгуу жана экспертизалоо стандарттарын иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун отуруму өткөрүлдү, отурумдун жыйынтыгы боюнча КРнын Жогорку сотунун 2022-жылдын 2-ноябрындагы № 206 Буйругу менен бекитилген "Окуу куралын иштеп чыгуу жана аны рецензиялоону жүргүзүү боюнча колдонмо" иштелип чыкты.

Санариптештирүүнүн **алкагында Европа Биримдигинин "Кыргыз Республикасында укук үстөмдүүлүгү – 2-фаза" Программасынын** колдоосу менен Сот адилеттигинин жогорку мектебинде Окутуунун санариптик платформасын иштеп чыгуу жана киргизүү боюнча долбоор ишке ашырылды.

Иштелип чыккан онлайн платформа 2022-жылдын июнь айынан баштап иштеп жатат.

"Адилет сот" маалыматтык технологиялар боюнча мекемеси (УИТ) менен биргеликте Кыргыз Республикасынын **395** судьясы үчүн жер-жерлерде санариптик окуу платформасы менен иштөө боюнча окутуу өткөрүлдү. **178** судья онлайн окууга арыз беришкен.

"Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектеби – учурда жана келечеги" темасында презентация боюнча иш-чара өткөрүлүп, ага **55** адам катышты.

"Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектеби - учурда жана келечеги" темасында Сот адилеттигинин жогорку мектебинин ишмердигин презентациялоонун алкагында Сот адилеттигинин жогорку мектебинин ишмердүүлүгү жөнүндө төрт тилде видеоролик жана буклет иштелип чыкты.

Сот адилеттигинин жогорку мектеби **Европа Биримдигинин "Кыргыз Республикасындагы укук үстөмдүүлүгү - 2-фаза" Программасы жана GIZдин "Борбордук Азия өлкөлөрүнүн укуктук мамлекеттүүлүгүнө көмөктөшүү" Программасы** менен биргеликте соттордун аппарат кызматкерлери үчүн төмөндөгү темалар боюнча 3 семинар өткөрдү: "Жарандык жана экономикалык иштерди даярдоонун жана жол-жоболоштуруунун тартиби", "Административдик иштерди даярдоонун жана жол-жоболоштуруунун тартиби", " Коррупциянын алдын алуунун маанилүү механизми катары этика эрежелерин жана кызыкчылыктардын кагылышуусу боюнча эрежелерди сактоо", "Сот системасынын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу. Ишкердик байланыштын түрлөрү. Ишкердик байланыштын бир түрү катары ишкердик кат алышуу. Ишкердик кат алышууну укуктук жөнгө салуу. Документтерди жол-жоболоштуруу эрежелери. Конкреттүү каттарды талдоо (расмий жана мамлекеттик тилдерде). Ишкердик документтердин тилдик стандарты" жана "Мыйзам чыгаруу техникасы жана мыйзам чыгаруу жол-жоболору", мында **125** кызматкер окутулду.

Ошондой эле биргелигикте жергиликтүү соттордун төрагалары жана төрагаларынын орун басарларынын **41** катышуучусу үчүн менеджмент жана соттордогу башкаруу боюнча **2** тренинг өткөрүлдү.

Сот адилеттигинин жогорку мектеби **Кыргыз Республикасында өнүгүү укуктары боюнча Эл аралык уюм менен биргеликте** медиациянын негиздери жана сот процессиндеги медиация боюнча КРнын жергиликтүү сотторунун **21** судьясына семинар өткөрдү.

**“Аял - судьяларынын кыргыз Ассоциациясы” Коомдук бирикмеси** менен жергиликтүү соттордун **23** судьясы, прокурорлор жана адвокаттар үчүн "Адамдарды сатууга байланыштуу иштерди караган соттордун мисалында имитациялык (жасалма) соттук отурумдарды өткөрүүнүн методикасы" деген темада биргелешкен **4** тренинг өткөрүлдү.

Ошондой эле "Алдын ала угуу", "Террористтик, экстремисттик багыттагы кылмыштар жөнүндө иштерди кароонун өзгөчөлүктөрү", “Кылмыш-жаза иштери боюнча апелляциялык инстанциядагы сот өндүрүшү", "Өкүмдү аткаруу. Өкүмдү аткаруу менен байланышкан маселелерди кароо жана чечүү боюнча өндүрүш” жана “Юридикалык терминалогия, кылмыш-жаза иши боюнча кыргыз тилиндеги документтер”, “Сексуалдык жана гендердик зомбулукка дуушар болгон аялдар үчүн сот адилеттигине жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу (КМШ)” жана "Гендердик кылмыштар"деген темаларда **31** судья үчүн **2** семинар өткөрүлдү.

Мындан тышкары, **“Кыргыз аял - судьяларынын ассоциациясы” Коомдук бирикмеси менен бирдикте USAIDдин "Укук булагы" долбоорунун** колдоосу менен КРнын Конституциялык сотунун судьяларынын, экс-судьялардын, стажы бар судьялардын, биринчи жолу дайындалган судьялардын, Сот адилеттигинин жогорку мектебинин окутуучуларынын жана USAID "Укук булагынын" эксперттеринин катышуусунда "Соттордо насаатчылык" деген темада тегерек стол өткөрүлдү.

**USAID долбоорунун колдоосу аркылуу Winrock International Коммерциялык эмес уюму тарабынан ишке ашырылып жаткан “Борбордук Азиядагы коопсуз миграция”** менен биргеликте 16 судья, прокурорлор, адвокаттар жана КРнын ИИМнин Кылмыш иликтөө башкы башкармалыгынын тергөөчүлөрүнүн катышуусунда "Адамдарды сатуу боюнча кылмыш иштерин, адамдарды сатуунун курмандыктарынын, айрыкча аялдардын жана балдардын кызыкчылыктарына багытталган ыкмаларды колдонуу менен кароо"деген темада Ош шаарында жана Ысык-Көл облусунда биргелешкен 2 тренинг өткөрүлдү.

**USAIDдин "Укук булагы"** программасынын колдоосу менен **83** судьянын катышуусунда: "Соттук психология, судьялардын коммуникативдик көндүмдөрү жана стресске туруктуулугу","Аудио - видео фиксациялоо программасы (АВФ)", "Калыбына келтирүүчү медиация" жана “Кылмыш-жаза иштери боюнча соттук экспертизаларды даярдоонун

тартиби. Соттук экспертизалардын түрлөрү. Көз карандысыз соттук эксперттик уюмдарды тартуу” деген темаларда **10** тренинг өткөрүлдү.

Ошондой эле сот системасынын **66** кызматкери "Кесиптик ишмердүүлүктүн психологиясы, коммуникативдик көндүмдөр жана стресске туруктуулук", "Сот системасынын жалпыга маалымдоо каражаттары менен өз ара аракеттенүүсү, социалдык тармактарды колдонуу" деген темаларда окутулду.

**Шайлоо системаларынын эл аралык фондунун (IFES)** колдоосу менен Кыргыз Республикасынын Административдик сотторунун **21** судьясынын жана Жогорку соттун административдик иштер боюнча соттук коллегиясынын катышуусу менен "Шайлоо талаштарын кароонун практикалык аспектилери. Учурда жана келечеги " деген темада тегерек стол өткөрүлдү.

Сот адилеттигинин жогорку мектеби "**Альянс молодежи" Коомдук фонду менен биргеликте БУУнун Өнүктүрүү программасынын (БУУӨП)** колдоосу менен "Ишкердик ишмердүүлүктүн субъекттеринин жоопкерчилигинин өзгөчөлүктөрү" деген темада **14** судьянын, адвокаттардын жана прокурорлордун катышуусу менен **2** тренинг өткөрдү.

Ошондой эле **БУУӨПтүн "Луч света " Программасынын** колдоосу менен үй-бүлөлүк зомбулуктун кылмыш-жаза -укуктук маселелери боюнча **22** судьяга семинар өткөрүлдү.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунда жана бардык жергиликтүү сотторунда гендердик өзүн-өзү баалоо боюнча изилдөө жүргүзүлдү.

Сот адилеттигинин жогорку мектеби "Кыргыз Республикасынын судьяларынын Ассоциациясы" жана Бишкек шаарынын Орхус борбору менен биргеликте **Коопсуздук жана Кызматташтык боюнча уюмдун (ЕККУ) Программалык кеңсесинин колдоосу менен** Бишкек шаарында "Экологиялык адилеттүүлүк – Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн артыкчылыгы" деген темада тегерек стол өткөрдү. Бул тегерек столго КРнын Жогорку соттунун **4** судьясы жана жергиликтүү соттордун **12** судьясы катышты.

Өнөктөштөрдүн салымы негизинен окуу куралдарын иштеп чыгууга колдоо көрсөтүүдөн (автордун гонорары), мамлекеттик тилге которуудан (котормочунун акысы), тренерлердин акысынан, сертификаттарды жана окуу куралдарын басып чыгаруудан, угуучуларды тамактанышруудан турат.

Окутуу иш-чарасынын катышуучуларына командировкалык төлөмдөр: транспорттук, мейманкана жана суткалык чыгымдар САЖМ тарабынан мамлекеттик бюджеттин эсебинен төлөнөт.

## Сот адилеттигинин жогорку мектеби тарабынан башка бирөөнүн жардамысыз (мамлекеттик бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын эсебинен) өткөрүлгөн иш-чаралар

КРнын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектеби башка бирөөнүн жардамысыз: “Сот актыларын жана башка аткаруу документтерин аткарууга каршы кылмыштар”, “Процессуалдык макулдашуулар, анын түрлөрү. Кылмыш-жаза иштерин күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашуу түзүлгөн учурда соттук териштирүүнүн өзгөчө тартиби”, "Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси боюнча жаза дайындоо. Мунапыс колдонуу", "Коомдук коопсуздукка жана коомдук тартипке каршы кылмыштар боюнча иштерди соттордун кароосу", "Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кызыкчылыктарына каршы коррупциялык жана башка кылмыштар", "Үй-бүлөлүк зомбулуктун жазык-укуктук маселелери", "Соттук көзөмөл. Сотко чейинки өндүрүштүн кызмат адамдарынын аракеттерине жана чечимдерине даттанууларды кароо", "Бөгөт коюу чараларынын түрлөрү, бөгөт коюу чарасын тандоодо эске алынуучу негиздер жана жагдайлар", "Соттук көзөмөл. Сотко чейинки өндүрүштө соттук контролдоонун процесстик тартиби", "Атайын тергөө аракеттери. Атайын тергөө аракеттерин жүргүзүүнүн шарттары жана негиздери", "Айыпталуучу жок болгон учурда кылмыш-жаза иштерин сырттан кароо", "Соттук териштирүүнүн жалпы шарттары", “Мыйзам менен чатагы бар балдардын жасаган кылмыштары жөнүндө кылмыш-жаза иштери боюнча өндүрүштүн өзгөчөлүктөрү. Балдарга карата колдонулуучу тарбиялык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары", "Пробациялык көзөмөл. Соттордун пробациялык көзөмөлдү колдонуусу", "Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун чечимдерин жергиликтүү соттор тарабынан колдонуунун өзгөчөлүктөрү", "Конституционализм жана конституциялык укук", "Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын сот адилеттигине жеткиликтүүлүгү: эл аралык стандарттар жана КРнын улуттук мыйзамдары", "Кыргыз Республикасынын ЖПКсы боюнча жаңыдан ачылган жана жаңы жагдайлар боюнча сот актыларын кайра кароо", "Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жөнүндө иштер боюнча өндүрүш" деген темаларда жергиликтүү соттордун **304** судьясы үчүн **9** окутуучу иш-чараларды өткөрдү.

Анын ичинде, Сот адилеттигинин жогорку мектеби КРнын Финансы министрлигинин алдындагы Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын Окуу-методикалык борбору менен биргеликте **9** судьянын катышуусунда “Акчаларды адалдоого жана терроризмди каржылоого каршы аракеттенүүнүн (ПОД/ФТ) улуттук системасы. Кыргыз Республикасынын сот тутумунун ролу” деген темада тренинг өткөрдү.

Ошондой эле **18** судья үчүн офлайн форматта жана **136** судья үчүн онлайн форматта кылмыш-жаза мыйзамдарынын новеллалары боюнча семинарлар өткөрүлдү.

Мындан тышкары, сот системасынын кызматкерлери үчүн "Кылмыш-жаза иштерин даярдоо жана тариздөө тартиби" жана "Эксперттик комиссияны (ЭК) түзүү жана иштердин баалуулугун экспертизалоо боюнча иштерди жүргүзүү тартиби" деген темаларда **3** семинар өткөрүлдү, анда **67** кызматкер окутулду.

## Тренерлер үчүн тренинг (ТоТ)

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Сот адилеттигинин жогорку мектеби "Жергиликтүү сот" автоматташтырылган маалымат тутумунун (АМТ) маселелери боюнча сот системасынын кызматкерлерин жер-жерлерде андан ары окутуу үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку соту менен бирдикте тренерлер үчүн тренинг өткөрдү, анда 2-инстанциядагы жергиликтүү соттордун **14** аппарат башчысы окутулду.

**"Аял-судьяларынын кыргыз Ассоциациясы" Коомдук бирикмесинин** колдоосу менен Ош шаарында жана Ысык-Көл облусунда окуу планынан тышкары "Аялдарга карата зомбулуктун жана үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү: "Кыргызстанда эл аралык стандарттарга карата укуктук жөнгө салуу практикасы" деген темада тренерлер үчүн тренингдер (ТоТ) өткөрүлдү, анда **9** потенциалдуу тренер окутулду;

## 2022-жылга карата Окуу планынын аткарылбаган пункттары боюнча

Кыргыз Республикасынын тергөө судьялары үчүн Усулдук колдонмо боюнча окутуу өткөрүлгөн жок. Себеби, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине жана КЖПКга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине киргизилгендигине жана карoo стадиясында болгондугуна байланыштуу автордун (КРнын ЖСнун судьясы – Сыдыков А.Ш.) бул Колдонмону иштеп чыгууга мүмкүнчүлүгү болгон жок.

Окуу куралы иштелип чыкпагандыгына байланыштуу "Энергия менен камсыздоо чөйрөсүндөгү талаш-тартыштарды соттор тарабынан кароонун өзгөчөлүктөрү" темасында семинар өткөрүлгөн жок. (Иштеп чыгуучу Бишкек шаарынын Административдик сотунун судьясы – Тагаев М.М.).

Жалпысынан 2022-жылга карата Окуу планынын **2** пункту аткарылган жок.

Пайда болгон муктаждыкка байланыштуу пландан тышкары **17** иш-чара өткөрүлүп, анда **361** угуучу төмөнкү **5** тема боюнча окутулду:

- Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Аппарат жетекчисинин 2022-жылдын 31-октябрындагы № 01-14/2599 катына ылайык жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Төрагасынын 2022-жылдын 31-октябрындагы № 202 пилоттук режимде “Сот актыларынын мамлекеттик реестри” автоматташтырылган маалыматтык системасын киргизүү жөнүндө” буйругун аткарууда Сот адилеттигинин жогорку мектеби “Адилет сот” маалыматтык технологиялар боюнча мекемеси менен бирдикте, аталган программанын колдоосу менен “Сот актыларынын мамлекеттик реестрин” автоматташтырылган маалыматтык системасына (АМС) киргизүү жөнүндө видеоконференц байланыш аркылуу сот системасынын кызматкерлерин окутуу боюнча **4** тренинг өткөрдү, **130** кызматкер окутулду;

- **Борбордук Азияда укук үстөмдүүлүгү боюнча Программасынын (HELP долбоору)** колдоосу менен Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун судьяларынын катышуусунда "Адам укуктары боюнча Европа сотунун (АУЕС) практикасында адилет соттук териштирүү укугу" темасында бир күндүк семинар өткөрүлдү, анда **9** судья окуудан өттү;

- **Европа биримдигинин "Кыргыз Республикасындагы укук үстөмдүүлүгү - 2-фаза" Программасы** менен бирдикте КРнын Жогорку сотунун **37** судьясы үчүн эл алдында сүйлөөнүн базалык көндүмдөрү, ал эми КРнын ЖСнун **4** кызматкери үчүн соттук этика жана соттук этикет боюнча **2** тренинг өткөрүлдү;

- **"Институт Медиа Полиси"** Көз карандысыз коммерциялык эмес уюму менен бирдикте Бишкек шаарынын жана Чүй облусунун жергиликтүү сотторунун судьялары үчүн "Расалык, этникалык, улуттук диний региондор аралык кастыкты (араздашууну) козутуу" темасында **1** тренинг өткөрүлдү, **17** угуучу окутулду;

- Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектеби **БУУнун Балдар Фондунун (ЮНИСЕФ) балдарды коргоо боюнча Программасы** менен бирдикте Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү соттордун судьялары үчүн "Мыйзам менен чатагы бар балдарды кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн системасынан чыгаруу" темасында **9** онлайн ("Zoom" видеоконференц байланышынын жардамы менен) тренинг өткөрүлдү, **164** судья окутулду.

**Окуу-методикалык бөлүмү**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектеби окуу куралдарынын актуалдуулугун инвентаризациялоого багытталган иш жүргүзүлдү.

